**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын**
**кезексиз X сессиясынын токтому**

25-август 2025-жыл **№1** Курулуш айылы

**Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” мыйзамын аткарууга алуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып,Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгына,Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине,жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык, Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз X сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгын аткаруу максатындагы Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамы аткарууга алынсын.

**2.** Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн аймагындагы массалык салтанаттарды өткөрүүчү ишканаларга чектөө коюлсун, массалык салтанаттарды өткөрүүчү жайлар (тойканалар, кафелер) иштөө мөөнөтү 22:00гө чейин деп бекитилсин жана чакырылган коноктордун саны 200 (эки жүз) адамдан ашпоосу белгиленсин.

3. Ашыкча ысырапкечиликке жол берген менчигинин түрүнө карабастан жактар мыйзам чегинде чара көрүлөөрү боюнча маалымат калкка жеткирилсин.

4. Токтомду Юстиция башкармалыгынын реестрине каттоого киргизүү айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Орозбек кызына жүктөлсүн.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук боюнча туруктуу комитетке милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ажикулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
|---|---|---|

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз X сессиясынын токтому**

25-август 2025-жыл **№2** Курулуш айылы

**Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү Мыйзамынын жана 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык **Эргеш** Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги X сессиясы **токтом кылат:**

1. Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн орун басар-жооптуу катчысы Н.Алымкулованын маалыматы эске алынсын.

2. Эргеш Алиев айыл аймагындагы №2183 Аримжан, № 2184 Кагазды, № 2185 Сакалды, № 2186 Кыргызстан , № 2187 Чоң-Багыш, № 2188 Бөбүй , № 2410 Сай-Бою , №2444 Кормоцех, № 2178 Параканда, № 2179 Ноокен, № 2180 Кара-Булак, № 2181 Курулуш , № 2182 Шалка участкалык шайлоо комиссияларынын курамына жана резервине талапкерлерди сунуштоо боюнча жарандардын чогулуштарынын протоколдору бекитилсин.

3. Бул токтом Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн веб.сайтында жарыяланып, Жалал-Абад облусундагы Юстиция башкармалыгынын каттоосунга киргизилгенден кийин Ноокен аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук жана депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комитеттине жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ажикулов**